КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2025-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө **БИЛДИРҮҮСҮ**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 18-декабрындагы № 2024-П-07/68-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

Бул документте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) 2025-жылга карата акча-кредит саясатынын тактикалык милдеттери аныкталат.

Документ Орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарын[1] ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. Ага ылайык акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү катары орто мөөнөттүү мезгилде инфляциянын деңгээлин 5-7 пайыз чегинде кармап туруу аныкталган.

***Экономикалык шарттар***

Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсү глобалдык экономикалык тенденциялардын жогорку белгисиздиги сакталган шарттарда улантылууда.

Дүйнөлүк экономика акырындык менен калыбына келүүсүн көрсөтүүдө, бирок көпчүлүк алдыңкы өлкөлөрдүн экономикаларынын өсүш арымы орточо бойдон сакталууда. Глобалдык инфляциянын акырындык менен басаңдашы бир катар өлкөлөр үчүн алардын акча-кредит шарттарын жеңилдете баштоосуна шарттарды түзүүдө. Бирок, геосаясий факторлордон улам дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рынокторундагы баа конъюнктурасы ар башка деңгээлде болуусун улантууда: алтындын баасынын өсүшү сакталып, азык-түлүк рынокторунда баалардын жогорулоо тенденциясы байкалууда, ал эми мунай рынокторундагы баалар туруксуз бойдон калууда. Ошол эле учурда дүйнөлүк сооданын фрагментация процесстери жана дүйнөдө геосаясий тобокелдиктердин сакталышы региондор боюнча ар тараптуу баа динамикасын шарттайт. Биздин региондун айрым өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргыз Республикасына соода боюнча өнөктөш болгон өлкөлөрдө инфляциялык басым жогору бойдон калууда.

Тышкы экономикалык чакырыктарга карабастан, Кыргыз Республикасында керектөө суроо-талабынын кеңейишинин жана негизги капиталга инвестициялардын өсүшүнүн фонунда жогорку экономикалык жигердүүлүк белгиленүүдө. 2024-жылдын 11 ай ичинде ИДӨнүн реалдуу өсүшү өзүнүн потенциалдуу деңгээлинен жогору болуп, 9,0 пайызды түздү. Экономиканын өсүшүнүн негизги драйверлери кызмат көрсөтүү жана курулуш сектору болду. Капиталдык салымдарды негизинен ички булактардын эсебинен көбөйүшү курулуш секторуна колдоо көрсөтүүдө. Ички суроо-талап калктын реалдуу кирешелеринин өсүшү, керектөө кредиттеринин көбөйүшү жана өлкөгө акча которуулардын агымы менен колдоого алынат.

Улуттук банктын жүргүзүп жаткан акча-кредит саясаты Кыргыз Республикасында баа туруктуулугун камсыз кылууга мүмкүндүк берди: 2024-жылдын ичинде инфляция орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтөн – 5-7 пайыздан ашпаган деңгээлде кармалып турду.

Инфляциянын факторлоруна баа берүү экономикалык субъекттердин (ишкерлердин дагы, үй чарбаларынын дагы) инфляциялык күтүүлөрү басаңдап, ал эми базалык инфляция туруктуу төмөндөп жаткандыгын көрсөтүүдө. Мурдагыдай эле, мамлекеттик тарифтик саясаттын пландуу өзгөрүүсүнүн таасири баалардын жалпы деңгээлине тиешелүү салымды камсыз кылууну улантууда. Банк системасында орун алган ашыкча ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээли экономикада акча сунушунун тең салмактуулук деңгээлин камсыз кылуу максатында монетардык инструменттер аркылуу Улуттук банк тарабынан жигердүү жөнгө салынууда.

Экономиканын түзүмүнө жана калктын керектөө куржунунун табиятына жараша Кыргыз Республикасында инфляция динамикасынын тышкы өзгөрүүлөргө ийкемдүүлүгүн эске алып, 2025-жылы тышкы фактор акча-кредит саясатын жүргүзүүдө негизги шарттардын бири болуп караштырылат.

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен бекитилген.

***Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү***

2025-жылы Улуттук банк баа туруктуулугун колдоого багытталган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат.

Баалардын туруктуулугу экономиканы өнүктүрүү үчүн маанилүү шарттарды түзөт жана өлкөдөгү макроэкономикалык туруктуулуктун негизги элементи болуп саналат, бул өз кезегинде өлкөдө жагымдуу бизнес-чөйрөнү түзүүгө, инвестициялык климатты колдоого, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга, чечимдерди кабыл алууда экономикалык субъекттердин белгисиздигин азайтууга өбөлгө түзөт.

2025-жылы Улуттук банктын акча-кредит саясатынын башкы максаты Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээлин орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтүн – 5-7 пайыз чегинде кармап туруу болуп саналат.

***Акча-кредит саясатынын чаралары***

Алдыга коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн Улуттук банк өзүнүн карамагындагы монетардык инструменттерин колдонуусун улантат.

Улуттук банктын эсептик чени экономикадагы акча-кредиттик шарттарды жөнгө салуунун негизги инструменти бойдон калууда. Улуттук банктын эсептик чени боюнча чечимдер макроэкономикалык маалыматтарды комплекстүү талдоонун жана кеңири моделдик аппаратты колдонуунун натыйжасында алынган божомолдорго негизделет. Улуттук банк чечимдерди кабыл алууда ырааттуулук, айкындуулук жана ачыктык принциптерин сактоого бекем карманат.

Монетардык саясатты ишке ашыруудагы тактикалык кадамдар улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоого багытталган Улуттук банктын милдеттерин эске алуу менен ишке ашырылат, ал өз учурунда республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө көмөк көрсөтөт.

Акча-кредит саясаты жаатындагы чечимдердин өлкөдөгү баа динамикасына таасир этүү процессин мүнөздөгөн өткөрүп берүү механизминин каналдарын жакшыртуу боюнча иштер күчөтүлөт. Ушуга байланыштуу банктар аралык акча рыногун андан ары активдүү өнүктүрүү жана акча-кредит саясатынын инструменттерин талаптагыдай ыңгайлаштыруу 2025-жылы Улуттук банктын артыкчылыктуу милдеттеринен болуп калат.

Банк системасында ашыкча ликвиддүүлүктүн сакталып турган жогорку деңгээли шартында Улуттук банк аны жөнгө салуу боюнча операцияларды жүргүзүүнү улантат, бул инфляциянын монетардык факторлорун азайтууга мүмкүндүк берет. Мында акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендери белгиленген пайыздык чектин чегинде кармалып турат.

Банк системасындагы ликвиддүүлүктү натыйжалуу тескөө жана банктар аралык акча рыногунун тереңдигин өнүктүрүү боюнча милдеттердин алкагында Улуттук банк ашыкча ликвиддүүлүктөн арылтуу кошумча рыноктук механизмдерин өнүктүрүү үчүн негиздерди түзүүгө өз күч-аракеттерин багыттайт. Бул багытта эл аралык финансы уюмдары үчүн улуттук валютадагы баалуу кагаздарды чыгарууга шарттар түзүлөт, натыйжада алар рыноктук механизмдин алкагындагы кредиттөөгө мүмкүндүк берет.

Улуттук банк кабыл алынган өзгөрүлмө алмашуу курсунун режиминин алкагында алмашуу курсунун ийкемдүүлүгүн сактайт, анын алкагында чет өлкө валютасына суроо-талап жана сунуш тең салмактуулугу ички валюта рыногунун рыноктук шарттарында калыптанат. Улуттук банктын валюта рыногундагы катышуусу алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында гана жүзөгө ашырылат.

Өлкөнүн бюджеттик-салыктык жана акча-кредиттик саясатын координациялоонун алкагында Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана башка мамлекеттик органдар менен активдүү өз ара иш алып баруусу баа жана тиешелүү түрдө макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча максаттарды ийгиликтүү ишке ашыруунун өбөлгөсү болуп калат.

Коомчулуктун жана финансы рынокторунун акча-кредит саясатына болгон ишенимин андан ары бекемдөө максатында Улуттук банк басылмалар, пресс-релиздер жана ММК менен өз ара иш алып баруу аркылуу акча-кредит саясатынын максатын, милдеттерин жана чараларын чагылдыруу жаатында коммуникациялык саясатты активдүү өнүктүрүүнү улантат. Кабыл алынган монетардык чечимдер боюнча маалыматтык ачыктык жана транспаренттүүлүк коомчулукта жана экономиканын субъекттеринде рационалдуу инфляциялык күтүүлөрдүн жана акча-кредит саясаты жагында келечектеги чечимдери боюнча күтүүлөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Улуттук банк тышкы жана ички инфляциялык факторлордун таасиринин мүмкүн болуучу тобокелдиктерине жана кесепеттерине баа берүүнү улантат. Экономикалык көрсөткүчтөр күтүлгөн траекториясынан олуттуу четтелип жана инфляциялык мүнөздөгү тобокелдиктер орун алган болсо, Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын карайт жана баалардын туруктуулугуна мүмкүн болуучу терс кесепеттерди жөнгө салуу үчүн тиешелүү чараларды көрөт.